«Бекитилди» ________ Асиев

2021 -жылдын «__» ______

№ 106 буйругу менен

**Өзүн- өзү баалоо боюнча отчет**

# Нарын облусунун, Кочкор районундагы Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби

**(билим берүү уюмунун толук аталышы)**

Иституционалдык аккредитациялоо

## Киришүү

## 1. Билим берүүчү уюм жөнүндө маалымат

| | | |
|---|---|---|
| **1.1** | Билим берүүчү уюмдун аты | Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби |
| **1.2** | Дареги | Көк-Жар айылы А.Бейшеев көчөсү №60 |
| **1.3** | Билим берүүчү уюмдун директорунун аты-жөнү , байланыш маалыматтары | Абиев Жумабек Курманбекович<br>0500218021<br>Электрондук дареги kokjarmektep18@gmail.com<br>Веб-сайт htpps: //usubaliev.mektebim.kg/admin |
| **1.4** | Ата-энелер комитетинин жана камкордук кеңешинин аты- жөнү , байланыш маалыматтары | Сабырова Мээрим –ата-энелер комитети<br>Мамбеткеримова Жамила -камкордук кеңеши |

1.5 Менчик формасы: мамлекеттик

1.6.Билим берүүчү уюмдун статусу жалпы орто билим берүү

1.7.02712199510880

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16- июнунундагы "Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим, аккредитациялануучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоо тартибин жана негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү" жөнүндөгү 28.12.2017-жылдагы №844 токтомунун негизинде, мектеп директорунун буйругунун негизинде түзүлгөн өзүн-өзү баалоо комиссиясы декабрь, январь айларында иш жүргүзүп, жыйынтыгын чыгарды. Бул комиссиянын берген отчету 2021-жылы 18-январда №3 педагогикалык кеңеште каралып, жактырылды жана бекитилди.

## Мектептин миссиясы:

Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоого багытталган.

# Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| Өзүн-өзү баалоо критерийлери | | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| **1.БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**Билим берүү уюму кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн эске алуучу бекитилген башкаруу түзүмүнө, билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана аны ишке ашыруу саясатына, иштин натыйжалуулугун баалоо системасына ээболушу керек.** | | | |
| **1.1** | **Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ичкиактылардын болушу** | **Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби**<br>-Нарын облусунун юстиция башкармалыгы тарабынан алгачкы мамлекеттик каттоо 1995-жылы 27-декабрда өткөрүлгөн. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүк 2015-жылдын 21-мартында берилген. Юридикалык тарабынан налогдук органга учётко коюу боюнча күбөлүк салык төлөөчүнүн регистрациялык номери № 20655192 карточкасы, ИНН 02712199510880 райондук салык инспекциясы тарабынан берилди.<br>-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июнундагы № 403 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын” негизинде сабактар өтүлөт.<br>-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 19-июнундагы № 790/1 буйругу менен Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби программалык аккредитациядан өткөрүлгөндүгүн тастыктаган №СС190000216 номерлүү сертификат берилген.<br>Мектептин ички ишмердүүлүгү окуу-методикалык жана тарбиялык иштер боюнча ар бир бөлүмгө тийиштүү жоболордун негизинде уюштурулат. СС190000216 номерлүү сертификат берилген.<br>Мектептин ички ишмердүүлүгү окууметодикалык жана тарбиялык иштер боюнча ар бир бөлүмгө тийиштүү жоболордун негизинде уюштурулат. | Устав<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/mekteptin-ustavy.pdf<br><br>Билим берүүнүн стандарттык окуу пландары<br><br>Сертификаттар:<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/sertifikat-k-b-l-k.pdf |
| **1.2** | **Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун аржылдык жыйынтыктарын эске алуу** | 2017-2021-жылдарга карата Турдакун Усубалиев атындагы орто мектебинин “Стратегиялык өнүгүү планы” 2017-жылдын № 1 педагогикалык кеңешинин токтому менен бекитилген.<br><br>**Мектептин миссиясы:** | Стратегиялык өнүгүү планы:<br><br>https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/202 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу** | Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоого багытталган.<br>**Турдакун Усубалиев атындагы орто мектебинин негизги максаты:**<br>-Окутуучунун, окуучунун жана бүтүрүүчүнүн социалдык жактан өнүгүүсү үчүн зарыл жана жетишээрлик билим берүү шарттарын түзүү;<br>-Окуу процессинде сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттыруу, акыл-эсин, ой-жүгүртүүсүн өстүрүү жана жеке инсандык өзгөчөлүгүн калыптандыруу;<br>-Коомдо өз ордун таба алган, алган билимин пайдалана билген, дени сак, билимдүү инсанды тарбиялоо, окуучунун өзүн-өзү өстүрүүгө,билим алууда көздөгөн максатына жетүүсүнө көндүрүү,үйрөтүү;<br>Окуучуларга сапаттуу билим берүү, бакубат жашоого умтулуу;<br>-Мектепти жетишпеген китептер менен камсыз кылуу;<br>-Үй-бүлө ичинде ар бир окуучунун жоопкерчилигин арттыруу максатында балалык парзын аткаруу зарылдыгын туюндуруу;<br>-Окуучуларга кесиптик багыт берүү;<br>-ЖРТдан жогорку көрсөткүчкө жетүү үчүн бүтүрүүчүлөрдү жеткиликтүү деңгээлде даярдоо; Алтын тамгага, олимпиадада алдыңкы орундарга жетишүү үчүн окуучуга интенсивдүү билим берүү;<br>-Жарандуулукка тарбиялоо, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо,  жашоо адаттарын калыптандыруу;<br>Турдакун Усубалиев атындагы орто мектебинин администрациясы тарабынан ар бир өткөн окуу жылынын аякталышы менен жыйынтыктар чыгарылат. Аткарылган иштер анализденип кызыкдар тараптардын | 1/05/strategiyalyk-plan.pdf<br><br>Мектептин жылдык планы;<br><br>Окуу бөлүмүнүн башчысынын жылдык планы;<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/okuu-tarbiyalyk_ishteri_boyuncha_ish_plany1.pdf<br><br>Тарбия иштеринин уюштуруучусунун жылдык планы;<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/tarbiyalyk-plan.pdf<br><br>Социалдык педагогдун жылдык планы;<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/sotsialdyk-pedagogikaishplan.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | (ата-энелер, окуучулар) суроо-талаптары жана сунуштары эске алынат. Чыгарылган жыйынтыктарына карата кийинки окуу жылга ар бир багыттар боюнча иш пландар түзүлүп, бекитилет, аларга мектептин администрациясынын жылдык пландары кирет. | Усулдук бирикмелердин жылдык планы**;** **https://usubaliev.mektebim.kg /wpcontent/uploads/sites/390/2021 /05/usulduk_birikmeler1.pdf** |
| **1.3** | **Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын, түзүмдөрдүн болушу** | Директордун буйругу менен билим сапатын камсыз кылуу окуу бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилген. Метод алмашуу максатында ачык сабактар, мастер класстарды уюштуруу; Насаатчы мугалимдердин сабактарына жаш мугалимдердин катышуусун уюштуруу; Жетишпеген, аттестацияланбаган окуучулар менен иш алып баруу; артыкчылык аттестат, артыкчылык күбөлүк менен аяктоочу окуучулар менен иш-чараларды уюштуруу; Предметтик декадаларды өткөрүү; 5-класстардын адаптациясы боюнча иш-чараларды жүргүзүү; Усулдук бирикме жетекчилери өздөрүнүн иш планына негизги маселелердин бири билим сапатын көтөрүүнү киргизип, окуу бөлүмүнүн башчысы менен биргеликте иш алып барышат. Мугалимдер өз ара сабактарга катышып, ар бир сабакка анализ берип, сунуш пикирлерин айтышат. | **Окуу бөлүмүнүн башчысынын жылдык планынын негизинде; Мектеп администрациясынын сабактарга катышуусу жана анализ берүүсү; Ички көзөмөлдүн графиги; Мектептин структурасы: https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/struktura_mektep1.pdf** |
| **1.4** | **Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун ченемдеринин болушу, аларды сактоо ( билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы)** | Мектепте мугалимдердин кызматтык, функционалдык милдеттери түзүлгөн жана чогулушта милдеттендирилген. Тарбия иштерин уюштуруучунун жана соц.педагогдун түзүлгөн иш пландарынын негизинде иш алып барылат. Окуучулардын укук-милдеттери боюнча тегерек стол, тренинг өткөрүлөт. Мектептин кире беришине укук-милдеттери, конвенция ар дайым илинип турат. Балдардын инсан катары өнүгүшүнө салым кошо турган ар кандай маданий иш- чаралар өткөрүлүп турат (китеп окуу, көркөм окуу, Акыл ордо, театр- форум, музыка кружогу, дебат ж.б) Кыздар үчүн эрте турмуш куруу боюнча мектепте кыздар кеңеши иш алып барат. | Кызматтык,функционалдык милдеттер; https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/funktsionaldyk_mildetter1.pdf Мектеп директорунун милдети: https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/direktordun-mildeti1.pdf ОББнын кызматтык милдеттери: https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/obb_kyzmattyk_mildet2.pdf |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Мугалимдин этика нормалары: https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/etika_normalary1.pdf<br>Окуучулардын милдеттери, укуктары;<br><br>Окуу бөлүмүнүн башчысынын маалыматтары, жылдык отчёттору, мониторингдер |
| 1.5 | **Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол жоболорунун болушу** | Мектептин жалпы ишмердүүлүгү боюнча маалымат жазылып турат. Окуучулардын контингенти, сабактарга катышуусу жана жетишүүсү, окууда, спортто чыгармачылык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар квартал сайын жана окуужылынын жыйынтыгы менен ата-энелер чогулушунда жарыяланып айтылып турат. Жылдык пландын негизинде аткарылган иштер боюнча маалымат,отчёттор берилип,<br>Аткарылбай калганпландар эске алынат. Окуу жайдын планынын аткарылышынын механизмдери болуп:<br>1-жарым жылдыкта жана окуу жылынын жыйынтыгы менен мониторинг жүргүзүү<br>(тест, суроо-жооп, жазуу иштери, текшерүү иштери)<br>Мектепте ар бир ай үчүн өткөрүлө турган иш чаралардын планы түзүлүп, иш алып барылып, анализдер чыгарылат. Ата-энелер менен байланыштар жүргүзүлүп, социалдык сурамжылоолор жүргүзүлүп турат. | |
| 1.6 | **Кызыкдар тараптарды тартуу менeнчечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү ондоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу** | Мектеп жылдык пландын, миссиясын жана стратегиялык пландын максатын камтып, экономиканын инновациялык өнүгүүсүнүн талаптарына,коомдун жана ар бир жарандын заманбап муктаждыктарына жооп берген сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүүнү максат кылат.<br>Мектептин директорлорунун орун басарлары, усулдук бирикменин жетекчилеринин жылдык пландары директор тарабынан бекитилип, пландар боюнча иш жүргүзүлөт. Ата-энелер комитеттери ар бир класстан бирден активдүү ата-энелер чыгып, бир курам түзүлөт. Мындан сырткары окуучулардан өзүн-өзү башкаруу уюму түзүлүп иш алып барышат. Бул уюм үлгүлүү, активдүү окуучулардан түзүлөт. Ата- | Жылдык план,окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык планы,усулдук бирикме жетекчилеринин жылдык пландары<br>**Усулдук бирикмелердин планы: https://usubaliev.mektebim.kg /wpcontent/uploads/sites/ 390/2021 /05/usulduk_birikmeler1.pdf**<br>БӨУнун иш планы<br>https://usubaliev.mektebim |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | энелердин, окуучулардын, мугалимдердин сунуштары айтылып, учурунда каралып турат.<br>Билим сапатынын деңгээли, мугалимдердин сабак өтүүсү боюнча ой- пикирлер, мектеп ичинде ар кандай иш- чараларды өтүү тууралуу сунуштар окуучулардын (БӨУ) уюмуна сунушталып турат | .kg/ wp-content/uploads/sites/390/2021/05/baldar-sp-r-md-ruyumu.pdf<br>**Ата-энелер чогулушунун токтомдору:**<br>**https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/ataenele r_chogulushunu n_toktomu1.pdf** |
| 1.7 | **Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын,электрондук почтанын болушу** | **Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын,электрондук почтанын болушу**<br>kokjarmektep18@gmail.com<br>Веб-сайт htpps: //usubaliev.mektebim.kg/admin | |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жагы:** 1.Мектептин билим сапатын камсыз кылуунун үстүндө иш жүргүзүлөт. Ар бир предметтик мугалим, ата-энелер билим сапатын камсыздоонун үстүндө иш жүргүзүшөт. ЖТРнын жыйынтыгында бүтүрүүчүлөрдүн 65-75% га чейин өтмө балл 110дон жогорку упайларга ээ болушуп,жогорку окуу жайларга өтүп, билим алышууда, калган бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү атайын орто билимдерди алып кесипке багыт алышууда.

2.Республикалык олимпиадалардын райондук турунда алдыңкы орундарга ээ болуп, физика предмети боюнча облустук турга катышуугажолдомо алып, облустук олимиадада 3-4-орундарды камсыз кылып келишүүдө.

**Алсыз жагы: 1.** Мектебибиз капиталдык ремонттон өтө электиги;

2.Инновациялык технологиялар менен камсыз болуунун жетишсиздиги, лабораториялык кабинетте сабактарга керектүү куралдардын жоктугу, мугалимдер сабактарын инновациялык технологиялар менен өтүүдө жетишкендиктер болууда.

3. Окуучулар телефон менен көп камсыз болушуп, ар кандай интернеттеги сайттарга кирип, убактыларын туура пайдалана алышпагандыктан, сабактарга көңүл буруусу азайып, билим сапатын көтөрүүдө кыйынчылыктар жаралууда. Кээ бир предметтерде окуу китептери жетишсиз болууда.

## 2. Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү

***Билим берүү уюмунун өз ишин компетентүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек***

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.1** | **Педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдинжана жол-жоболордун болушу** | Илимий педагогикалык кадрларды жумушка кабылалуу жана кызматтык ордун жогорулатуу боюнча КРнын Эмгек кодексинин талаптарына ылайык ченөлчөмү иштелип чыккан. Мугалимдерди жумушкакабыл алууда, эң оболу жогорку, орто кесиптик билимин тастыктаган диплому, квалификациясы талап кылынат жана иш тажрыйбасы эске алынат. Андан соң жаңы келген мугалим сынак сабак өтүүсү талап катары коюлат, насаатчы бекитилет. Ага жетекчилери, алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдер, усулдук бирикменин мүчөлөрү катышышып, жаш мугалимдерге көмөктөшүп жардам берип иш тажрыйбасында мыкты жетишкендиктерге жетиштирүү максатында сунуш, пикирлерин айтышат. Педагогдор мектеп директору менен түзгөн мыйзамдуу келишимдин негизинде кабыл алынган орундарында жоопкерчиликтүү иш алып барышат. Пенсия жашындагы мугалимдер өз милдеттерин так жана жоопкерчилик менен аткарышат. | Буйрук китепче<br><br>Функционалдык милдеттер<br><br>Квалификациялык талаптар |
| **2.2** | **Штаттардын комплекттелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү** | Мектепте жалпы билим берүүчү предметтери боюнча 44мугалим, 1 китепканачы, 1 лаборант, 1 соц.педагог, 1катчы эмгектенет. Бардыгы жогорку билимдүү, 7 мугалим билим берүүнүн мыктысы. Бардык предметтерден тажрыйбалуу педагогдор эмгектенишет. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө мугалимдер өз билимдерин жогорулатуу үчүн курстардан өтүп, тиешелүү семинар-тренингдерге катышып жана өз тажрыйбалары менен да бөлүшүп турушат. Бардык мугалимдер өз предметтеринен гана сабак беришет. | Тарификация;<br><br>Мугалимдердин дипломдору;<br><br>Сертификаттар ; |
| **2.3** | **Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча** | Мектеп билим берүү чөйрөсүндөгү гигиеналык шарттарды, таза суу, жарыктандырууну жана коопсуз имараттарды, зордук-зомбулукту, кылмыштуулукту, укук бузууларды болтурбоону алдын алуу менен окутуунун толеранттуу атмосферасын камсыз кылуунумаксат кылат. Билим берүү процессинин катышуучуларынын даттанууларын жана пикир сунуштарын кабыл алуучу атайын “Ишеним кутучасы”жана китепче уюштурулган. Мектепте конфликттик комиссиясы иш алып барат. Окуучулардын билим денгээлин баалоодо да атайын | **Педагогикалык кеңештин чечимдери** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу** | аппеляциялык комиссияиш жүргүзөт. | |
| 2.4 | **Педагогикалык административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу** | Профсоюз комитети жана мектеп администрациясы билим берүүдө жана ишмердүүлүктө, коомдук турмушта жана маданий массалык иш-чараларда, методикалык жана компетенттүү изденүүчүлүктө активдүүлүктү көрсөткөн же ийгиликке жетишкен билим берүү процессинин катышуучуларын белгилөөнү, дем берүүнү жана сыйлоону уюштуруп турат. Бул боюнча атайын сыйлык комиссиясы иш алып барат. Түрткү берүүчү акыдан да активдүү иш алып барган персоналдарга кошумча упайлар администрация тарабынан кошулуп берилет. | |
| **Жыйынтыгы:**<br><br>**Күчтүү жактары: 1. Мугалимдердин инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарттүзүлүүсү;**<br>**2.Мектептин ички жана тышкы байланыштар менен иш алып баруусу;**<br>**3.Квалификациясын жогорулатуу курстарынан ар бир беш жылда ар бир мугалим өз билимин жогорулатуу үчүн өтүп турушу;**<br><br>**Алсыз жактары: Көргөзмө куралдарды көбүрөөк пайдалануу үчүн атайын стандарттык талапка жооп берген материалдар менен камсыз болуунун жоктугу;** | | | |
| | | | |
| **3.Материалдык –техникалык база Билим берүү уюмунун жетиштүү, жеткиликтүү коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык техникалык базасы болушу керек.** | | | |
| 3.1 | **Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде соолугунун мүмкүнчүлүгүчектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар,компьютердик** | Мектепте окуучулардын билим алуусу үчүн материалдык-техникалык базанын шарттары түзүлгөн. 2016-2017-окуу жылында мектептин эшик-терезелери толугу менен жаңыртылган. 2019-2020-окуу жылында мектептин жаңы спорт залы, жыйындар залы жана ашканасы ишке берилген.<br>-Мектептин жалпы аянты планда көрсөтүлгөн боюнча **45761,43 кв.м**. Ичкикубатурасы **10311,72 кв.м.** Спорт аянтчасынын аянты- 4260 м. Мектеп эки кабаттуу, типтүү, жылытуу системасы- көмүр менен. | Тех.паспорт;<br>**https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/teh.pasport1.pdf**<br><br>Мамлекеттик акт;<br><br>**Мектептин жобосу;** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **класстар, спортзал, актовый залы, медициналык пункт, ашкана) ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу** | Мектепте 19 окуу кабинети, 1 компьютердик класс, 6 административдик кабинет, 1 китепкана, 1 лабаратория бар. Компьтердик класстагы 8 компьютер интернетке кошулган.<br>Мектепте 1 интерактивдүү, 5 маркердик доска, 4 принтер, 2 проектор, 4 телевизор колдонулуп, сабактар өтүлөт. Лабораториялык бөлмө бар бирок, жабдыктары жок. 1-4-класстарга ысык тамак берүү үчүн 40 орунга ылайыкталган ашкана бар.<br>Ашкана ысык суу менен камсыз кылынган, керектүү идиш-аяктар, ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдикжабдуулар жана тамак-ашты сактоочу склад менен толук камсыз болгон. Ашкана санитардык норманын шарттарына толук жооп берет. Ашканада душ, туалет бар, мектепте душтар, ички туалеттер бар. Спорт залда спорттук кружоктор иштетилет. Мектептин кире беришинде пандус орнотулган. Мектептин аянтчасындаокуучуларга турник, машыгуучу ар кандай эмеректер, мини футбол аянтчасы бар. | **https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/zhobo.pdf**<br>**Токтомдор:**<br>**https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/toktom.pdf**<br>Мектептин материалдык техникалык базасы тууралуу маалымат;<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/zavhoz_akt1.pdf<br>**Кабинеттеридин иш планы:**<br>**https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/kabinettin_ish_plany1.pdf** |
| **3.2** | **Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунунталаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, эмгекти коргоонун жана коопсуздук ыкмаларынын эрежелери)** | 1.Бардык класс бөлмөлөрү санитардык эпидемиологиялык талаптарга туура келет.<br>2.Өрт коопсуздугу боюнча корутунду бар. Мектептеөрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы.<br>Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат. Өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган. Өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуучу эшиктер бар. Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу үчүн ар бир окуу кабинеттеринде санитардык бурч уюштурулган. Ашканада окуучуларколдорун жууп туруу үчүн раковиналар коюлган.Техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Класс кабинеттерде өрт боюнча дубал гезиттер илинген. | Мектептин окуу жылына карата даярдыктары тууралуу корутунду;<br>Санитардык-эпидемиологиялык текшерүүнүн АКТысы;<br>Өрт коопсуздугу боюнча түзүлгөн пландар; |
| **3.3** | **Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу** | Мектептин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында инвентаризация жүргүзүлүптурат. Мектептин жалпы бүтүндүгү | **Мектептин материалдык-техникалык базасы тууралуу маалымат** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жанапландоо механизминин болушу** | мектеп кароолчуларына милдеттендирилип, бекитилип берилген. Ар бир класс кабинет жана инвентарлардын сакталышы кабинет башчыларынажана класс жетекчилерге милдеттендирилип берилген. Мектепте окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн окуу класстары талапка жооп берет. Себеби көрсөтмө куралдардын баардыгы жаңыртылган. Ошондой эле окуу куралдары жана окуу усулдук материалдары жетиштүү. Материалдык базаны чыңдоо боюнча ар түрдүү инвентарларды оңдоп түзөө иштери жүргүзүлөт | |
| | | | |
| **4.Финансылык ресурстарды башкаруу**<br>**Билим берүү уюму билим берүү максаттарына жетишүү үчүн финансы ресурстарына жетишүү** | | | |
| **4.1** | **Финансылык пландоо системасынын болушу** | Мектепте жылына кошумча финансы ресурстарын тартуу үчүн атайын пландоо жүргүзүлүп турат. Пландоонун негизинде тиешелүү чакан жардамдар болуп мектептин керектелүүсүнө жумшалып, анализдер жүргүзүлүп келет. | План, анализдер, кириштөө, чыгыштоо актылар |
| **4.2** | **Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчётуулук боюнча ачык айкын механизмдердин болушу** | Айыл өкмөткө мектепке керектүү каражаттар тууралуу кайрылуулар жазылып берилет жана мектептин муктаждыгына жараша материалдык жана финансылык жардамдарды көрсөтүп турат. Мугалимдерөз каражатына класс кабинеттерине 110000 сомго класстык кабинеттерге жаңы үлгүдөгү планшеттерди жасатышты, админстративдик кабинеттерге 30 миң сомго жалюзи жана шторалар жасалып тагылды. Демөөрчү жана жеке ишкерлер тарабынан мектепке 201898 сомго музыкалык аппаратура, интерактивдүү доска, компьютерлер, принтер алынып келинди жана окуучулардын коопсуздугун алдын алуу максатында айыл өкмөтү тарабынан 58 550 сомго видео көзөмөл орнотулду. Айыл жаштары жана жеке ишкер тарабынан мектептин ички тосмолору тосулган. | Кириштөө жана чыгыштоо актылары, алынганкаражаттарды тастыктоочу кагаздар, маалыматтар; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.3** | **Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнчаишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу** | Мектепке тартылган инвестициялардын отчёттору жазылып, тиешелүү жерге берилип турат. Кийинки пландоо жүргүзүлүп, мектепке каржылоо киргизүү, демөөрчүлөрдү тартуу иштери жүргүзүлүүдө. Кийинкижылга эмнелер керектелээрин жана канча сом өлчөмдө болоорун анализдөө атайын түзүлгөн комиссия курамы тарабынан жүргүзүлөт. Мектептин кийинки окуу жылдарына карата түзүлгөн планында:<br>-окуу кабинеттерди заманбап жабдуу боюнчадемөөрчүлөрдү тартуу;<br>-Китепкананы жаңы окуу жана адабий китептер менен камсыздоо;<br>-Класс кабинеттерди жаңы эмеректер менен жабдуу;<br>-Лабораторияны предметтердин муктаждыгына жараша куралдар менен жабдуу;<br>-окуучуларды жетиштүү санда компьютерлерменен камсыз кылуу;<br>-Сыртка стандартка ылайык ажаткана куруу; | **Инвестициялардын отчёттору;<br>анализдер;<br>жаңы пландар;** |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жактары:**

1. **Коопсуздук боюнча талаптардын сакталышы;**
2. **Финансылык отчёттуулуктун ачык-айкындыгы;**

**Алсыз жактары:**

1. **Мамлекеттик финансылоонун жетишсиздиги;**
2. **Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга азайып бара жатышы;**
3. **Окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн класс кабинеттерге электрондук доскалардын, проекторлордун жетишсиздиги;**

**Стандарттык окуу программасына шайкеш келген окуу жана окутуу усулдук материалдарынын жетишсиздиги.**

Аккредитациядан өтүү үчүн түзүлгөн комиссиянын курамы:

Комиссиянын төрагасы: Ж.К.Абиев ____________ Мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөру: Р.Б.Боронбаева ____________ окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Н.Т.Сыдыкова ____________ тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Г.Сагынбекова ____________ кесиптик бирлик уюмунун төрайымы

К.Т.Үкүбаева ____________ УБнын жетекчиси

Н.Т.Сабыржанова ____________ УБнын жетекчиси

А.С.Сейдакматова ____________ УБнын жетекчиси

М.Ж.Сабырова ____________ ата-энелер комитети

Ж.О.Мамбеткеримова ____________ камкордук кеңешинин төрайымы